DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



*Бадалова К.Э.*

## УЛУТТАР АРАЛЫК ОШ КООГАЛАНЫНЫН ЧЫГУУ ФАКТОРЛОРУ

*Бадалова К.Э.*

## ФАКТОРЫ ВОЗНИКНОВЕНИЯ МЕЖНАЦИОНАЛЬНОГО ОШСКОГО СОБЫТИЯ

*K. Badalova*

## FACTORS OF THE EMERGENCE OF THE INTERETHNIC OSH EVENT

*УДК: 9.93*

*Аталган макалада Кыргызстандын түштүк регионундагы болуп өткөн трагедиялуу окуянын келип чыгуусунун өбөлгөлөрү жана алардын түпкү кээ бир факторлору жана себептери ачып көрсөтүлдү. Макаланын негизги максаты Ош аймагында болгон кайгылуу окуянын тарыхый, саясий, социалдык жана экономикалык себептери бар экендигин белгилеп. Ошол себептерге терен баа берип окуянын чыгышына түрткү болгон факторлорду аныктап, алардан тиешелуу жыйынтыктарды чыгарып, улуттар арасындагы достукту чындап туруктуулукту орнотуу, мындан ары өнүгүү жолуна чыгуу. Натыйжада 2010-жылдын 10-15-июнунда Ош жана Жалал-Абад шаарларында, ошондой эле Ош жана Жалал-Абад облустарынын аймактарындагы айрым калктуу конуштарда кыргыз жана өзбек улутундагы адамдардын ортосунда көпчүлүк катышкан кагылышуулар болгон. Бул кагылышуулардын натыйжасында кан төгүлгөн. Көптөгөн турак жай үйлөрү, соода-өнөр жай жана транспорт объекттери өрттөлгөн. Жогоруда белгилеген негизги себетерге жана ошондой эле диний себептерин изилдөөлөрүбүздө факты жана аргументтер менен ар тараптуу изилдеп Ош коогаланынын келип чыгуу факторлоруна тарыхый баа берүүгө аракет жасалды.*

***Негизги сөздөр:** конфликт, этнос, фактор, себептери, трагедия, этникалык азчылык, регион, улуттар.*

*В данной статье раскрываются истоки трагических событий в южном регионе Кыргызстана и не которые их предпосылки и причины. Основная цель статьи - осветить исторические, политические, социальные и экономические причины трагедии в Оше. Провести глубокую оценку этих причин, выявить факторы, приведшие к происшествию, сделать из них соответствующие выводы, укрепить дружбу между народами, установить стабильность и приступить к дальнейшему развитию. В результате 10-15 июня 2010 г. произошли столкновения между этническими кыргызами и узбеками в Оше и Джалал-Абаде, а также в некоторых населенных пунктах Ошской и Джалал-Абадской областей. В результате этих столкновений пролилась кровь. Многие дома, предприятия и автомобили были подожжены. В нашем исследовании основных причин, упомянутых выше, а также религиозных причин, была предпринята попытка дать историческую оценку факторам, приведшим к ошским событиям, путем тщательного изучения фактов и аргументов.*

***Ключевые слова:** конфликт, этнос, фактор, причины, трагедия, этническое меньшинство, регион, нации.*

*This article reveals the origins of the tragic events in the southern region of Kyrgyzstan and some of their background and causes. The main purpose of the article is to highlight the historical, political, social and economic causes of the tragedy in Osh. Conduct a deep assessment of these causes, identify the factors that led to the incident, draw appropriate conclusions from them, strengthen friendship between peoples, establish stability and begin further development. As a result, on June 10-15, 2010, clashes broke out between ethnic Kyrgyz and Uzbeks in Osh and Jalal-Abad, as well as in some settlements of Osh and Jalal-Abad regions. As a result of these clashes, blood was shed. Many houses, businesses and cars were set on fire. In our study of the main reasons mentioned above, as well as religious reasons, an attempt was made to provide a historical assessment of the factors that led to the events in Osh by carefully examining facts and arguments.*

***Key words:** conflict, ethnicity, factor, causes, tragedy, ethnic minority, region, nation.*

Кыргызстандын соңку жаңы тарыхындагы тарыхый чоң мааниге ээ болгон актуалдуу темалардын бири Ош коогалаңына тарыхый анализ чыгарууга мезгил келип жетти. Адамзаттын тарыхынан баардык баскычында акты ак караны кара деп баа берүү мүмкүнчүлүгү ар бир коомдо эле шарт түзүлгөн эмес. Бүгүнкү демократиялуу коомубузда тарыхый баардык окуяга акыйкат айкындуу жыйынтык чыгарууга мезгил келип жетти. Мунун мисалы катарында 1990-жылдын июнь окуясын тарых илимдеринин кандидаты А.М. Сатарбаев терең изилдеп кенен анализ берип туура так баа бере алган. Ошондон улам биздин бул изилдөөбүздүн маанилүүлүгүү кенен жана терең.

2010-жылдын май-июнь айларында Кыргызстандын түштүгүндө болуп өткөн улуттар аралык жанжал же кагылышуу улуттук тарыхыбыздагы эң кайгылуу жана кандуу окуялардын бири болуп калганына карабастан бүгүнкү күндө мамлекеттик көнүл буруу жаатында көз жаздымда калууда. Бул окуяда жүздөгөн мекендештерибиз бейкүнөө өлүмгө учурап, миндеген жарандарыбыз жаракат алып жана үй мүлкүнөн ажырады. Мамлекттик масштабтан алып караганда, оор жоготууну жараткан бул кандуу кагылышуу жалпы кыргыз жана өзбек калкы үчүн чон трагедияга айланды. Калк арасындагы бул жоготуулар бүгүнкү күнгө чейин кесепетин тийгизип келүүдө. Айрым бир адамдардын бүгүнкү күнгө чейин сөөктөрүнүн табылбоосунан улам, «Эненин көз жашы» уюму түзүлүп ишин улантууда.

Окуя өзүнөн өзү эле жок жерден боло калган жок экендегин, анын тарыхый, саясий, социалдык жана экономикалык себептери бар экендигинде талаш жок. Мына ошол себептерге терен баа берип окуянын чыгышына түрткү болгон факторлорду так аныктап албасак, алардан тиешелуу жыйынтыктарды чыгарып, чукул арада конкреттуу иш чараларды ашыра албасак анда мамлекет ичинде туруктуулукту орнотуу мындан ары өнүгүү жолуна чыгуу максаттары ишке ашпай тургандыгы да талашсыз чындык.

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



Бул улуттар аралык этникалык кагылыштын пайда болуусуна себеп болгон факторлордун бири бул саясий фактор, Коогаландын чыгышынын негизги себептери кыргыздардын ички биримдигинин жоктугунан бийликтин алсыздыгынан, кээ бир саясатчыларыбыздын өздөрүнүн гана кызыкчылыгын ойлогондугунан келип чыкты. Анткени 2010-жылдын 7-апрелиндеги Кыргызстанда болуп өткөн революциянын алкагында да кароо ынанымдуу.

Элдин наразылык толкундоолордун натыйжасында 2009-жылдын июлунда К.Бакиев Кыргыз республикасынын президенти катары экинчи мөөнөткө кайра шайланган. Маанилүү мамлекеттик кызмат орундарына президенттин жакын туугандары дайындалган. Өлкөдө К.Бакиевдин үй-бүлөлүк-жеке-жааттык башкаруусу бекемделген. Коррупция гүлдөп өсө баштаган.

Республиканын оппозициялык күчтөрү бир катар наразылык акцияларын пландаган жана өткөргөн. 2010-жылдын 6-апрелинен 7-апрелине караган түнү КР МУКК органдары оппозициялык партиялардын жана кыймылдардын лидерлерин камакка алган.

2010-жылдын 6-апрелинде Талас шаарында наразылык акцияларынын катышуучулары менен укук коргоо күчтөрүнүн биринчи кагылышуулары болгон. 7-апрельде өлкөнүн борборунда бийликтин элге каршы аракеттерине каршылык билдирген жана оппозициянын камакка алынган лидерлерин бошотууну талап кылган миндеген жараандар көчөлөргө чыгышкан. Каршылык көрсөтүүчүлөр менен укук коргоо органдарынын кагылышууларынын жүрүшүндө куралжарак колдонулган. Натыйжада 87 киши өлтүрүлгөн жана жүздөгөндөрү жаракат алган.

Президент К.Бакиев жана анын жакын айланасындагылар Бишкектен Жалал-Абад облусуна качкан. Премьер- министр Д.Үсөнов өз ыйгарым укугун таштай качкан. Бийлик оппозиция лидерлеринин колуна өткөн, алар Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүн уюштурушкан.

Убактылуу өкмөт 2010-жылдын 7-апрелинде №1 Декрет менен парламентти таркаткан.

К. Бакиев Жалал-Абад облусунда отуруп алып, Убактылуу Өкмөткө каршы турууларды уюштурган, алар Жалал-Абад жана Ош шаарларында бийликтин жергиликтүү органдарынын жана күч түзүмдөрүнүн имараттарын басып алуу аракеттери менен коштолгон.

К. Бакиев менен Убактылуу Өкмөттүн ортосундагы карама-каршылыктын күчөп баратканын туйган Россия, Казакстан жана АКШ мамлекеттеринин башчылары, ошондой эле ЕККУ К.Бакиевди өлкөдөн алып чыгып кетүүнүн жана анын президенттик ыйгарым укуктарын таштоосунун зарылдыгы жөнүндө чечим кабыл алган.

Бирок, К.Бакиев, анын уулу М. Бакиев жана бир тууганы Ж.Бакиев Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары туруп алып, өлкөдөгү коомдук-саясий кырдаалды туруксуздандыруу боюнча бир кыйла аракеттерди жасашкан. Алардын жактоочулары 2010-жылдын апрель-май айларында Жалал-Абад, Ош жана Баткен шаарларында бир нече ирээт жергиликтүү бийлик органдарын басып алуу аракеттерин уюштурушкан. Жалал-Абад шаарындагы кагылуушууларда алгачкы курмандыктар болгон [3, 13-б.].

Өлкөдөгү мамлекеттик бийликтин алмашуусунан улам убактылуу өкмөт республиканын баардык аймактарындагы өзгөчө түштүк бөлүмүндөгү улуттар аралык кырдаалды өз убагында көзөмөлгө ала албай калды. Бийлик үчүн болгон күрөш коомдун бардык чөйрөсүн камтыган жана ар кандай формада өткөн. Саясий структуранын айрым бир жетекчилери бул абалдан өз кызыкчылыгы үчүн пайдалана алды. Апрель окуясынын кесепеттери апрел май айларында бышып жетилип, жыйынтыгын белгилүү бир деңгээлде тийгизе алды.

Ал эми кийинкиси бул экономикалык фактор болуп эсептелинет, Кыргызстандагы экономикалык өнүгүүнүн токтоп калуусу жалпы элдин жакырланышына жана коомдогу наразычылыктын жана туруксуздуктун пайда болуусун шарттады [10, 9-б.]. Дүйнөлүк коомдук өнүгүшү жана эл аралык практика көрсөткөндөй экономикалык өнүгүүнүн деңгээли коомдогу абалдын анын ичиндеги этникалык өнүгүшүнүн барометри болуп эсептелет. Жалпы экономикалык өнүгүүнүн кечендеши коомдогу болуп жаткан терс көрүнүштү алып келди. Бир элдин өкүлдөрүнүн жашоо турмушунун салыштырмалуу жакшы болушу кошумча пайда бере турган түзүмдөрдүн көпчүлүгү кээ бир улуттардын колунда болуп калуусу калган улуттардын кыжырлануусуна алып келген бул улуттардын ортосундагы тымызын ишенбөөчүлүктү түшүнбөстүктү жана наразычылыкты пайда кылган.

Социалдык фоктору болуп Кыргызстандагы жумушсуздуктун көбөйгөнү, жарандын иштебей бош калышы же болбосо толук өзүнүн мүмкүнчүлүгүн ишке ашырбай калышы социалдык жана этникалык жактан болуп жаткан окуяларга алып келет. Ош жана Жалал-Абад шаарындагы ири жана майда соода борборлору, тейлөө, кызмат көрсөтүү жаатында ишканалар белгилүү бир улуттун колуна топтолушу бул аймактардагы башка улуттарга карата текебердүү мамиле кылуусун шарттады.

Улуттар аралык кагылышудагы кээ бир улуттук топтордун жетекчилердин чагымчыл иш аракеттери, рыноктык мезгилде туура эмес жолдор менен дүйнө чогултуп байып алган өкүлдөрүнүн өзүнүн топтогон менчигин сактап калуу жана анын көбөйтүү максатында саясий бийлике умтулуусу чечимди чыгарган деңгээлде бардык жолдор менен, жада калса элдин кызыкчылыгын тебелеп тепсеген жолдор менен же-

DOI:10.26104/IVK.2019.45.557



тишүүгө аракет кылуусу улуттардын катардагы мүчөлөрүнүн ортосундагы наразычылыкты пайда кылган. Ош-Жалал-Абад областынын өзбек топторунун саясий жана бай жетекчилеринин элдердин ортосундагы чагымчыл саясаты эки элдин ортосундагы этникалык наразычылыкты жана чыңалууну алып келди [1, 127-б.].

Криминалдык чөйрөнүн өлкөнүн саясатына экономикалык жана социалдык өнүгүшүнө тикеден тике активдүү катышышы коомду криминалдашууга алып келди. Белгилүү болгондой криминалдашкан коомдо күч колдонуу жана мыйзамга ылайык эмес жолдор менен чечүүгө аракет кылат. Бул мезгилдеги криминалдык түзүлүш мамлекеттеги жана коомдогу баардык сфераларда эркин аракеттене башташынын өзү коркунучтуу жагдай экенине каабастан күчөй берди. Мына ушундай кырдаалда түштүктөгү бул этникалык кагылышууга криминалдык чөйрөнүн таасири түздөн түз байкалып турган. Мындай шартта убактылуу өкмөт мамлекеттик саясий структураны калыбына келтирүү, экономикалык булакты толтуруу, структура жетекчилигиндеги кызмат орундарын дайындоо менен алектенип, бул жагдайды толук көзөмөлгө ала албай калган.

Шаарда улуттар аралык мамилени көзөмөлдөө, коомдук-саясий кырдаалды турукташтыруу үчүн эң оболу кээ бир диний кызматкерлердин жана тышкы экстремистик күчтөрдүн улуттардын ортосундагы жанжалдуу чыгарууга аракеттегендиги далил болгон. Түн ортосундагы мечиттердеги азандын айтылышы (шаардык борбордук мечинде, өзбек улуту көп жайгашкан Тешик-Таш мечитинде, Онадыр аймагынын мечитинде) диний кызматкерлердин кагылышкан катышып чыр чатак башталганда Кыргызстанды таштап качып кетиши далил болгон [10, 12-13-бб.].

Кыргызстандагы кээ бир массалык маалымат каражаттары өздөрүнүн чагымчыл маалыматтары менен кыргыздар менен өзбектердин ортосундагы этникалык кагылыштын пайда болушуна, күчөшүнө жана жанжалдын чыгышына себепкер болушту, элдин кыжырын тудурган маалыматтар кыргыз тилинде чыккан, кээ бир газеталарда жана теле студиялар аркылуу берүүлоөр этникалык чыналууну пайда кылды. Коогаландын чыгышынын негизги себептеринин бирин биз тарыхчы катары таамай тайсалдабастан өзбек улутундагы калктын лидерлеринин (Кадыржан Батыров, Абдрасулов Иномжан, Абдуллаева Караматхан) массалык маалымат каражаттары аркылуу автономияны талап кылып чыгуусу негизгилерден боло алды. Алардын мындай иш кадамдары түштүк аймактагы кооптонууну жана коргоонунун жаратып жатты.

Жыйынтыктап айтканда, 2010-жылдын 10-15-июнунда Ош жана Жалал-Абад шаарларында, ошондой эле Ош жана Жалал-Абад облустарынын аймактарындагы айрым калктуу конуштарда кыргыз жана өзбек улутундагы адамдардын ортосунда көпчүлүк катышкан кагылышуулар болгон. Бул кагылышуулардын натыйжасында кан төгүлгөн. Көптөгөн турак жай үйлөрү, соода - өнөр жай жана транспорт объекттери өрттөлгөн.

Азыркы шарттарда этностор аралык мамилелердеги чыналуунун негизги себеби болуп бул чөйрөдөгү улам өзгөрүп жаткан шарттарга ыңгайлаштырылган этностук процесстерди жөнгө салган.

Ошондой эле улуттар аралык Ош коогаланынын чыгуу факторлорунун этникалык, экономикалык, саясий, аймактык, диний себептерин алдыдагы изилдөөлөрүбүздө факты жана аргументтер менен ар тараптуу изилдөөнү колго алабыз.

**Адабияттар:**


1. Альманах №2: Опыт Кыргызской Республики в управлении кризисными ситуациями: уроки для будущего. - Б., 2014.
2. Отчет национальной комиссии по всестороннему изучению причин, последствий и выработке рекомендации по трагическим событиям, произадшедшим на юге республики в июне 2010 года.
3. Отчет временной депутатской комиссии Жогорку Кеңеша Кыргызской республики по выявлению и расследованию обстоятельств и условий, приведших к трагическим событиям, произошедшим в республике в апреле-июне 2010 года, и даче им политической оценки.
4. Отчет международной независимой комисси по исследованию событий на юге Кыргызстана в июне 2010 года.
5. Абдирасулова Г. Безопасность оружия в Кыргызстане; современное состояние и вызовый. - Альманах, 2012: Государственное управление и реформирование сектора безопасности Кыргызстана. - Б., 2013. - Гл. 8. - С. 106-120.
6. Комментарии Правительства Кыргызстана к Отчету Международной независимой комиссии по исследованию событий на юге Кыргызстана в июне 2010 года.
7. Нил Мэлвин. На пути к стабильному многонационолному Кыргызстану: как устранит причину и разорвать порочный круг насилие. - Проект «Центральное Евразия», непериодическая. - Серия. - Выпуск, 3. - 2011.
8. Мырзакматов М. Мен издеген чындык. - Б.: Турар, 2011.
9. Июньские трагические события 2010 г.: причины и уроки. - Б., 2011.
10. 2010-жылдын май июндагы Ош-Жалал-Абад шаарларында, Ош жана Жалал-Абад облустарынын айрым райондо-рундагы трагедиялуу окуялардын жагдайлары жана хронологиясы тууралуу.